КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ

И. АРАБАЕВ атындагы
КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ

К. КАРАСАЕВ атындагы
БИШКЕК МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ

Д 10. 19. 594 ДИССЕРТАЦИЯЛЫК КЕҢЕШ

Кол жазма укугунда
УДК: 81’44:81’362 (575.2) (043.3)

Тургунбаева Бактыгуль Жээнмырзаевна

АНГЛИС ЖАНА КЫРГЫЗ ТИЛДЕРИНДЕГИ ЭТИШТИК СӨЗ АЙКАШТАРЫ
(кыймыл этиштеринин мисалында)

10. 02. 20 – тектештирме-тарыхый,
типологиялык жана салыштырма тил илими

Филология илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын
изденип алуу үчүн жазылган диссертациянын
АВТОРЕФЕРАТЫ

Бишкек – 2020

Диссертациялык иш Ош мамлекеттик университетинин Дүйнөлүк тилдер жана маданият факультетинин англис тилинин фонетикасы жана грамматикасы кафедрасында аткарылды.

Илимий жетекчи: **Калыгулова Сабыркуль Шамситдиновна**
филология илимдеринин кандидаты, доцент, Ош мамлекеттик университетинин Дүйнөлүк тилдер жана маданият факультетинин деканы

Расмий оппоненттер: **Караева Зинаида Караевна**
филология илимдеринин доктору, профессор, Кыргызстан эл аралык университетинин лингвистика жана чөлкөм таануу факультетинин филология кафедрасынын башчысы

Мамбаева Салтанат Канатбековна
филология илимдеринин кандидаты, Кыргыз-Түрк Манас университетинин Гуманитардык факультетинин синхрондук котормо бөлүмүнүн доценти

Жетектөөчү мекеме: Ж.Баласагын атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин Чет тилдер факультетинин англистика жана маданий аралык коммуникациялар кафедрасы. Дареги: 720033 Бишкек шаары, Ж.Турусбеков көчөсү, 116.

Диссертациялык иш 2020-жылдын 30-октябрында саат 14:00дө И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети жана К.Карасаев атындагы Бишкек мамлекеттик университетине караштуу филология илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын коргоо боюнча түзүлгөн Д10.19.594 диссертациялык кеңештин жыйынында корголот. Дареги: 720026, Бишкек ш., И.Раззаков көчөсү, 51А.

Диссертациялык иш менен И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университетинин (720026, Бишкек ш., И. Раззаков, көчөсү, 51А) жана К.Карасаев атындагы Бишкек мамлекеттик университетинин (720044, Бишкек ш., Ч.Айтматов проспектиси, 27) илимий китепканаларынан, ошондой эле диссертациялык кеңештин расмий сайтынан (http: www.arabaev.kg) таанышууга болот.

Автореферат 2020-жылдын 28-сентябрында жөнөтүлдү.

Диссертациялык кеңештин окумуштуу катчысы, филология илимдеринин кандидаты, доцент **Каратаева С. К.**

ИЗИЛДӨӨНҮН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ

Теманын актуалдуулугу. Изилдөөгө алынып жаткан этиштик сөз айкаштары салыштырма тил илиминде, айрыкча тектеш эмес тилдерди салыштырууда актуалдуу жана изилдөөгө муктаж. Мындай муктаждыкты чечүүдө бул илимий иш теориялык жана практикалык жактан илимий изилдөө иштерин жүргүзүүнүн актуалдуулугун көрсөтөт.

Сөздөр сүйлөө кебине катышпай турган учурда номинативдүү гана функцияны аткара тургандыгы маалым. Ал эми кептин тизмегине киргенде сөздөр өзүнүн лексикалык-семантикалык маанилери боюнча контексттеги компоненттерин издеп, белгилүү грамматикалык формада айкашуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болушат.

Эгерде сөз айкашын белгилүү грамматикалык формалардын кызмат аткаруусу менен мүнөздөлгөн грамматикалык кубулуш катары гана карасак, анда сөз айкашынын семантикалык касиеттеринин жана мүмкүнчүлүктөрүнүн грамматикалык формалардын өзгөрүшүнө тийгизген таасирине маани бербеген болуп калабыз. Сөз айкашы маселесин изилдеп үйрөнүү теориялык жактан гана баалуу болбостон, тилдерди үйрөтүүдө жана үйрөнүүдө да практикалык орду бар экендигин белгилөөгө болот.

Сөздөрдүн түшүндүрмөсү сөздүктөрдө берилет, бирок алар сөздүн контексттеги маанисин дайыма толук ачып бере албайт. Кеп тизмегиндеги сөздөрдүн конкреттүү контексттеги маанисин түшүнүү үчүн анын семантикалык-синтаксистик **валенттүүлүгүн** изилдөө зарыл. Ошол себептен сөздөрдү анализдөөдө илимпоздор натыйжалуу метод катары дистрибутивдик жана валенттик анализди колдонушары белгилүү.

Жогоруда аталган методдор бири-бири менен тыгыз кызматташтыкта болгон учурда сөздөрдүн семантикалык-синтаксистик айкашуусунун мыйзам-ченемдүүлүктөрүн көрсөтүшөт жана контексттеги алардын толук маанисин гана бербестен, ал сөздү курчап турган элементтердин белгилүү маанисин берүү үчүн колдонулат.

Азыркы учурда чет тилдерди үйрөнүүдө компьютердик котормо кызматтары кеңири колдонулууда, бирок татаал конструкциядагы сүйлөмдү жана текстти которууда алардын толук маанисин жеткиликтүү бере албаган учурлары арбын. Көпчүлүк учурларда сүйлөм мүчөлөрүнүн морфологиялык-синтаксистик катнашы эске алынбастан сөзмө-сөз которулуп калууда. Бул татаал синтаксистик структураларды анализдөөдө жөнөкөй сүйлөмдөрдү түзүүнүн принциптерине кайрылышыбыз керек дегенди билдирет. Компьютердик котормонун сапатын жогорулатууда валенттүүлүк ыкманы колдонуу жакшы натыйжа берет, анткени этиштик лексемалардын башка лексемалар менен контексттик маанини берүүдөгү айкашуу мүмкүнчүлүктөрү эске алынат. Этиштин валенттүүлүгү синтаксистик

конструкциянын оң жана сол тарабындагы мүчөлөрүн жана ар биринин формасын аныктайт. Демек, сүйлөмгө семантикалык-синтаксистик анализ берүү аркылуу сөздөрдүн валенттүүлүгү менен морфологиялык табиятын чагылдырган электрондук сөздүктү түзсө болот.

Жалпы тил илиминде сөз айкашы жана валенттүүлүк маселелери боюнча азыркы учурда кайчы пикирлер орун алып келүүдө. Германистикада азыркы учурда окумуштуулардын басымдуу бөлүгү аталган терминдерди эки түрдүү лингвистикалык теория катары карашса, түркологияда, анын ичинде кыргыз тили илиминде, валенттүүлүк теориясына анча көңүл бурулбай келүүдө. Салыштырма тил илиминде, башкача айтканда, англис жана кыргыз тилдериндеги сөз түркүмдөрүнүн өз ара тизмектеш келүү мүмкүнчүлүгүн валенттик анализ аркылуу изилдөө жүргүзгөн саналуу гана эмгектер бар. Кыргыз тил илиминин материалында окумуштуулар С. Ж. Мусаев (1983, 2013) жана салыштыруу планында Ч. К. Наймановалар (2004) белгилешкен.

Этиштик сөз айкаштары окутуунун теориясы жана практикасында өзгөчө орунду ээлейт, анткени башка сөз түркүмдөрүнө караганда этиште айкашуунун ар түрдүү формалары жолугат жана айкашуунун структурасында этиштин маанилери тыгыз байланышта экендигин байкоого болот.

Этиштин валенттүүлүгүн изилдөөдө лингвисттер аны синтаксистин деңгээлинде гана эмес семантиканын деңгээлинде да изилдөө керек экендигин белгилешүүдө. Ошондой эле анын семантикалык-синтаксистик категориясы катары кароо этиштин курамына кирген компоненттерин анализдөөгө гана мүмкүнчүлүк бербестен, алардын “борбор-периферия” жайгашуусунун шкаласын да көрсөтөт. Жогорудагы белгиленген тилдик проблемалар **изилдөөнүн актуалдуулугун** көрсөтөт, англис жана кыргыз тилдериндеги этиштик сөз айкаштары жана валенттүүлүк теориясынын маанилүүлүгүн белгилейт.

Диссертациянын илимий программалар жана илимий-изилдөө иштери менен болгон байланышы. Диссертациялык изилдөөнүн темасы ОшМУнун дүйнөлүк тилдер жана маданият факультетинин илимий-изилдөө иштеринин тематикалык планына кирет.

Изилдөөнүн максаты – англис жана кыргыз тилдериндеги ылдамдыкты билдирген кыймыл этиштердин мисалында этиштик сөз айкаштарындагы валенттүүлүк кубулушун салыштырып изилдөө болуп эсептелет.

Изилдөөдө төмөнкүдөй конкреттүү милдеттер аткарылат:

1) жалпы лингвистика, түркология, кыргыз тил илиминде этиштик сөз айкаштарынын маселелерине жана валенттүүлүк теориясына арналган илимий эмгектерде айтылган илимий-теориялык жоболорду талдоого алуу аркылуу проблеманын изилдениш абалын аныктоо;

2) англис жана кыргыз тилдериндеги этиштик сөз айкаштарына жана валенттүүлүккө тиешелүү проблемаларды бөлүп алып талдап чыгуу;

3) тектеш эмес эки тилдеги ылдамдыкты билдирген кыймыл этиштердин семантикасын сыпаттоо жана анын валенттүүлүгүндөгү компоненттерин аныктоо;

4) англис жана кыргыз тилдериндеги этиштик сөз айкаштарынын объектилик жана адвербиалдык айкашуу жолдоруна семантикалык-синтаксистик талдоо жүргүзүү;

5) эки тилдеги кыймыл этиштердин компоненттеринин "борбор-периферия" шкаласындагы жайгашкан ордун жана алардын окшоштуктары менен айырмачылыктарын аныктоо жана анын негизинде белгилүү рекомендацияларды сунуштоо.

Иштин теориялык жаңы натыйжалары төмөнкүчө аныкталат:

1) англис жана кыргыз тилдеринде этиштик сөз айкашы активдүү валенттүү жана этиш семантикалык валенттүүлүгүнө карай англис тилинде көбүнчө ыкташуу, ал эми кыргыз тилинде башкаруу синтаксистик жолдору менен айкашууга ээ экендиги;

2) этиштик сөз айкашында англис тилинде этиштин айкашуусу алдыга көздөй, кыргыз тилинде болсо акыркы позицияда туруу менен артка карай айкашууну уюштургандыгы;

3) эки тилде тең этиштин нөлдүк айкашуусу жок, бирок англис тилинде аба ырайындагы өзгөрүүлөрдү туюндурган этиштер менен синтаксистик айкашуусуз эле сүйлөмдөрдө кездешкендиги;

4) этиштик сөз айкаштарын уюштурууда, кыргыз тилинде жөндөмө категориясы, жандоочтор, ал эми англис тилинде предлогдор басымдуулук кылгандыгы;

5) кыргыз тилдүү аудиторияларда англис тилин чет тили катары окутууда этиштик сөз айкаштарынын лингводидактикалык мааниси чоң экендиги жана аларды окутуунун алгылыктуу жолдорун сунуштаганында болуп эсептелет.

Иштин практикалык мааниси. Изилдөө ишинен алынган жыйынтыктар салыштырма жана кыргыз тил илиминин теориясын толуктай алат деп ишенебиз. Диссертациянын натыйжалары ЖОЖдордун филологиялык ("Англис жана кыргыз тилдеринин салыштырма типологиясы", "Лексикология" ж.б.) предметтерин окутууда материал катары колдонууга болот. Изилдөөдөгү колдонулган материалдарды жана жыйынтыктарды жогорку, орто окуу жайларында, орто мектептерде англис тилин окутууда, окуу китептерин түзүүдө жана которуу иштеринде кеңири пайдаланса болот.

Коргоого төмөнкү жоболор сунушталат:

1) этиштик сөз айкашы активдүү валенттүүлүккө ээ жана этиштик сөз айкаштарын жасоодо англис тилинде ыкташуу, ал эми кыргыз тилинде башкаруу синтаксисттик айкашуу жолдору басымдуулук кылат;

2) этиш валенттүүлүк касиетине карай өзүнүн компоненттерин аныктайт; кыргыз тилиндеги этиштик айкашууда негизги компонент көп учурда акыркы позицияда келет да, этиш артка карай жайылат, ал эми англис тилиндеги этиш алдыга карай "бутактайт"; мындай өзгөчөлүк *"синтаксистик барьер"* эрежесин уюштурат;

3) англис тилинде жаратылыштагы кубулуштарды туюндурган этиштердин тобу менен эч бир башка элементти, синтаксисттик айкашууну талап кылбаган нөлдүк айкашуу кездешет, ал эми эки тилде тең этиштер айкашууга кирбей эле контекстте сүйлөм катары өз алдынча колдонулат;

4) кыргыз тилинде этиштик сөз айкаштарынын жасалышында жөндөмөлөрдүн жана жандоочтордун кызматы жогору, англис тилинде болсо предлогдор олуттуу маниге ээ;

5) этиштик сөз айкаштары эки тилде кенен учурайт, аларды салыштыруу кыргыз тилдүү окуучуларды англис тилине рационалдуу үйрөтүүгө өбөлгө болот.

Изилдөөчүнүн жеке салымы болуп тектеш эмес эки тилдеги ылдамдыкты билдирген кыймыл этиштеринин мисалында этиштик сөз айкаштардын айкашуусун алардын валенттүүлүгү аркылуу синтаксистик-семантикалык өңүттөн изилдеп үйрөнүү жана этиштин сүйлөмдүн структурасын аныктоочу, валенттүүлүгү күчтүү сөз түркүмү экендигин далилдей алгандыгында. Ошондой эле, диссертант кыргыз тилин, жалпы эле англис тилин этиштик сөз айкаштарынын мисалында чет тили катары окутууда натыйжалуу усулдарды сунуштоо менен, алардын тилди үйрөнүүдөгү ролун көрсөткөндүгү. Этиштик сөз айкаштарын колдонуудагы интерференция кубулушуна да талдоо жүргүзүлгөндүгү.

Изилдөөнүн жыйынтыктарынын апробацияланышы. Изилдөөнүн жыйынтык натыйжалары боюнча республикалык, аймактык жана эл аралык илимий-практикалык конференцияларда баяндамалар жасалды.

Изилдөөнүн жыйынтыгынын жарыяланышы. Изилдөөнүн мазмунун чагылдырган 15 макала жарыяланып, анын ичинен РИНЦ индексине кирген басылмаларда Кыргызстанда 3 жана чет өлкөдө 3 макала жарык көрдү.

Изилдөө ишинин түзүлүшү. Иш киришүүдөн, төрт баптан, корутундудан, колдонулган адабияттардын тизмесинен жана тиркемеден турат. Иштин жалпы көлөмү – 208 бет.

ИШТИН НЕГИЗГИ МАЗМУНУ

Киришүүдө диссертациялык иштин актуалдуулугу, негизги максаты, милдеттери, илимий-теориялык жаңылыгы, практикалык мааниси, коргоого

коюлуучу жоболору жана иштин апробациясы, жалпы курамы жана структурасы тууралуу маалыматтар берилет.

Биринчи бап “**Изилдөөнүн теориялык өбөлгөлөрү**” деп берилип, үч параграфтан турат. Диссертациянын бул бөлүмүндө сөз айкашы жана валенттүүлүк теориясынын жалпы тил илиминде**,** түркологияда жана кыргыз тил илиминде изилдениши жөнүндө маалыматтар берилген.

1.1. Сөз айкашы жана валенттүүлүк теориясы жалпы тил илиминде. Бул параграфта лингвистикадагы эки термин *валенттүүлүк* жана *сөз айкашы* жөнүндө сөз болот. **Сөз айкашы –** маанилери жана грамматикалык формалары боюнча өз ара байланышта болгон толук маанилүү эки сөздүн айкашын түшүндүрөт.

Жалпы тил илиминде сөз айкаштары боюнча М. Н. Петерсон (1923), В. В. Виноградов (1954), А. М. Пешковский (1956), Ф. Ф. Фортунатов (1957), В. Н. Ярцева (1961), О. С. Ахманова (2004) ж.б. эмгектеринде кеңири токтолушкан.

Сөз айкашы – синтаксистин башка бирдиктеринен айырмаланып, белгилүү даражада сөздүн эквиваленти. Анткени ал сөз сыяктуу эле номинативдик милдетти аткарат; сөз сыяктуу форманын бүтүндөй системасына ээ болушу боюнча илимий пикирди В. В. Виноградов белгилейт. Сөз айкашы – сүйлөмдүн курулуш материалы, ал сүйлөм тутумуна киргенде гана коммуникативдик мүнөзгө ээ боло алат деген жыйынтыкка келет. Лингвистикада акыркы жылдары *валенттүүлүк* маселеси жана *сөз айкашынын* мыйзам-ченемдүүлүктөрү тил илиминин изилдөөчүлөрүнүн көңүлүн бургандыктан, изилдөөгө муктаж экендигин белгилей кетүүгө болот.

Чет элдик лингвисттер Г. Хельбиг (1976), В. Бондцио (1978), Г. Ч. Хельбиг, В. Шенкель (1975), В. М. Бехагель (1958), Х. Бринкман (1962), Г. Ч. Флеминг (1971), М. Д. Степанова., Г. Хельбиг(1978), К. Зоммердфельт, Х. Шрайбер (1980), В. В. Буш (1987) жана башкалар, орус тил илиминин белгилүү илимпоздору С. Д. Кацнельсон (1948, 1965, 1972), В. Г. Адмони (1958), А. И. Смирницкий (1959), Г. Г. Почепцов (1966), А. А. Уфимцева (1968), Б. А. Абрамов (1969), Л. З. Сова (1969), Т. В. Король (1972), Н. И. Филичева (1973, 1977), Ю. Д. Апресян (1974), О. И. Москальская (1974), В. В. Бурлакова (1975), С. М. Кибардина (1978,1979), В. Г. Гак (1990) ж.б. изилдөөлөрүн сөз айкаштары жана валенттүүлүк маселелерине арнаган.

Тил илиминде *валенттүүлүк* жөнүндө көптөгөн түшүнүктөр айтылып, анын типтерин тилдик деңгээлде изилдөөгө алган окумуштуулар Д. Н. Шмелев (1973), С. М. Кибардина (1978), В. В. Бурлакова (1984) С. Д. Кацнельсондор (2001) валенттүүлүктүн типтери жөнүндө чаржайыт ойлор айтылуу менен көптөгөн маселе чечилбеген бойдон калгандыгын белгилешкен.

Изилдөө ишибизде валенттүүлүктүн *семантикалык* жана

синтаксистик деңгээлин негизги маселе катары алдык. Бул маселе боюнча окумуштуулар Ю. Д. Апресян (1969), С. Д. Кацнельсон (1972), М. Д. Степанова жана Г. Хельбиг (1978), Г. Г. Сильницкий (2006) ж.б. эмгектерин өзгөчө белгилөөгө болот. Валенттүүлүк маселесине жүргүзүлгөн анализдерге таянуу аркылуу биз окумуштуу Л. Теньердин валенттүүлүк терминине берген концепциясында этиштин ролун негиз кылып алабыз. Изилдөөчү Л. Теньердин теориясы боюнча сүйлөмдө негизги роль этишке ыйгарылат да, калган сөз түркүмдөрүнүн баары этишке багынат.

Ушул мезгилге чейин валенттүүлүк багыты боюнча көптөгөн эмгектер болгону менен валенттүүлүк маселеси тил илиминде толуктоону, изилдөөнү талап кылат.

Тил илиминде сөз айкашы жана валенттүүлүк маселеси боюнча салыштырылып жаткан тилдердин өзүнө тиешелүү өзгөчөлүгү бар. Мисалы, англис тилинин сөз айкашынын маселелерин изилдөөнүн тарыхы англис тил илиминин окумуштуулары: Отто Есперсон (1937), В. П. Сухотин (1950), Л. Блумфилд (1968), Н. Хомский (1962), В. В. Бурлакова (1984), В. Д. Аракин (1972, 1989) жана башкалардын эмгектери аркылуу белгилүү. Кийинчерээк Л. Л. Иофик, Л. Р. Чахоян (1972), Л. С. Бархударов; Д. А. Штелленг (1973), М. Я. Блох (2005), Л. С. Бархударов (2008), А. И. Смирницкий (2009) ж.б. Бирок, окумуштуулардын арасынан сөз айкашы жана валенттүүлүк маселеси боюнча В. В. Бурлакова (1975, 1984), И. В. Иванова, В. В. Бурлакова, Г. Г. Почепцов (1981), С. Т. Тер-Минасова (1981), А. Н. Лисс (1994), А. А. Аракиндин (1989), Д. Аллертондун (D.Allerton) (1982, 1996)ж.б. эмгектерин өзгөчө белгилөөгө болот.

Ал эми кыймыл этиштерди изилдөөдө А. А. Шахматов (1941), В. Н. Топоров (1966), Л. М. Васильев (1971) ж.б. окумуштуулардын эмгектерин өзгөчө белгилөөгө болот. Аталган маселе боюнча да бир нече изилдөөлөр жана диссертациялык иштер илимпоздор М. Сырба (1965), Н. Н. Сергеева (1970), З. У. Блягоз (1973), Ю. М. Гордеев (1974), В. Л. Ибрагимова (1975; 1988), Е. А. Смирновалар (2014) ж.б. тарабынан иштелген.

Жалпылап айтканда, бул эмгектер өзүнүн семантикалык сферасы менен өзгөчөлөнөт жана кыймылды билдирген бирдиктердин парадигматикалык, синтагматикалык сөз жасоочу мүнөздөрүн камтыйт.

1.2. Этиштик сөз айкаштары жана валенттүүлүк теориясынын түркологияда изилдениши. Түркологияда 1950-жылдарга чейин сөз айкашына Е. И. Убрятова (1950) Н. К. Дмитриевдер (1956) тарабынан изилдөөлөр жүргүзүлүп келсе, кийинки учурларда илимий изилдөөлөрдү окумуштуулар М. Балакаев (1957), М. Т. Талипов (1959),Н. К. Баскаков (1961), Ю. М. Сеидов (1965), Х. Халияров (1966), Ы. Жакыпов (1975), И. Кучкартаев (1977), А. Жапаров (1979), А. Турсуновдор(1976, 1978, 1991)

уланткан. Сөз айкашы боюнча семантикалык-морфологиялык классификация кеңири колдонулуп келе жаткандыгын окумуштуулар М. Балакаев (1957), А. Жапаров (1979), А. Турсунов (1991) ж.б. белгилешкен. Бул классификацияга ылайык эркин сөз айкаштарынын багындыруучу түгөйү (сөз айкашынын структурасын түзүүчү өзөгү) кайсы сөз түркүмүнөн экендигине, түгөйлөрүнүн грамматикалык байланышуу жолдоруна жана сөз айкашынын түзүлүшүнө (жөнөкөй, татаал айкаштар) негизделип каралат.

1.3. Этиштик сөз айкаштары жана валенттүүлүк теориясынын кыргыз тил илиминде изилдениши.

Кыргыз тил илиминде сөз айкашы маселесине арналган бир топ окумуштуулар Ы. Жакыпов (1975), Ж. Андабекова (1979), Б. Тойчубекова (1983), А. Жапаров (1979,1992), А. Иманов (2009), А. Турсуновдун (1991) ж.б. эмгектери бар. Ал эми кыргыз тил илиминде этишти сүйлөмдүн синтаксистик жана семантикалык борбору экендигин окумуштуулар А. Жапаров (1979), Ж. Андабекова (1979), Б. Тойчубекова (1983), С. Ж. Мусаев (1983, 2013) А. Турсунов (1991) жана Ч. К. Наймановалар (2004) белгилешкен. Негизинен, кыргыз тил илиминде *валенттүүлүк теориясы* өзүнчө термин катары киргизилген эмес. Бирок, салыштырма тил илиминде валенттүүлүк маселесине арналган бир топ изилдөөлөрдү белгилөөгө болот. Алсак, профессор А. Н. Лисс (1994) англис, орус жана кыргыз тилдеринин материалында сөз түркүмдөрүнүн айкашуу маселесиндеги валенттүүлүктү биринчилерден болуп белгилеген [Лисс,1994].

Биринчи баптан алынган тыянактар. Жогорудагы изилдөөлөр көрсөткөндөй, азыркы тил илиминде биз көрсөткөн проблемалар жана аларды изилдөөгө алуу актуалдуу маселелердин бири деп эсептейбиз. Бүгүнкү күндө валенттүүлүк жана сөз айкашынын теориясы – практикалык маанаге ээ болгон белгилүү грамматикалык теориялардын бири. Валенттүүлүк потенциалдуу касиетке ээ болгон болсо, анда сөз айкашы ошол касиеттерди жайылтуу сапатына ээ.

Экинчи бап “Изилдөөнүн материалдары жана методдору” деп аталып, бул бөлүмүндө изилдөөнүн объектиси, предмети, материалдары жана методдору жөнүндө маалыматтар берилген.

Изилдөөнүн объектиси – англис, кыргыз тилдериндеги этиштик сөз айкаштары, ал эми **предмети –** англис, кыргыз тилдердеги ылдамдыкты билдирген кыймыл этиштеринин валенттүүлүк потенциалы.

Изилдөөнүн материалдары катары англис, америкалык, кыргыз жазуучуларынын 8 көркөм чыгармалары колдонулду. Ар бир тилден 500 чамалуу мисал алынып, бардыгы болуп 1000ге жакын сүйлөм талданды. Бул илимий ишти жазууда негизинен жалпы тилдерди салыштырып изилдөөлөрдө кеңири жайылтылган жана түрдүү методдорду сунуштаган эмгектердеги ыкмалар жана усулдар колдонулду. Кеңири колдонулган

лингвистикалык методдордун бири болгон **лингвистикалык типологиялык** изилдөөлөрдүн бир нече ыкмалары колдонулду: **салыштырма-типологиялык жана моделдештирүү.** Изилдөө ишибизде ылдамдыкты билдирүүчү этиштердин семантикалык-синтаксистик валенттүүлүгүн анализдөө **салыштырма-сыпаттама** методдун жардамы менен анализденип, **статистикалык ыкмасы** аркылуу жыйынтыгы алынды жана алардын позицияларын борбордук-периферияда көрсөтүүгө жардам берди. Илим таануунун жалпы методдорунун бири **эмпирикалык илимий изилдөөлөрдүн** төмөнкүдөй ыкмалары: *байкоо жүргүзүү, салыштыруу, эмпирикалык сүрөттөө жана эксперимент жүргүзүү* да ишибизде орчундуу кызмат аткарды.

Үчүнчү бап "**Англис жана кыргыз тилдериндеги этиштик сөз айкаштарынын валенттүүлүк касиеттери жана алардын айкашуусуна семантикалык-синтаксистик анализ: изилдөөнүн натыйжалары**" деп аталат. Бул бапта англис жана кыргыз тилдериндеги этиштик сөз айкаштарындагы валенттүүлүк касиеттери, пресуппозиция кубулушу, ылдамдыкты билдирген этиштердин семантикалык-синтаксистик комбинатордук касиеттери, этиштик сөз айкаштарындагы объектилик жана адвербиалдык айкашуу, алардын семантикалык жана синтаксистик валенттүүлүк маселеси каралат.

3.1. Этиштик сөз айкаштарындагы валенттүүлүк касиеттери, пресуппозиция кубулушу жана комбинаторикалык бөтөнчөлүктөрү

Изилдөөнүн предмети катары англис жана кыргыз тилдериндеги этиштердин тобунан биз кыймылдын горизонталдык абалдагы ылдамдыгын билдирүүчү бир нече этиштерди тандап алдык: *to hurry* (шаш), *to move* (жыл), *to ride* (мин), *to run* (чурка), *to crawl* (сойло), *to go* (бар), *to walk* (бас), *to creep* (жөрмөлө), *speed up* (тездет), *to fly* (уч), *slow down* (басандат). Тил илиминде валенттүүлүк түшүнүгүн аныктоодо семантикалык деңгээлге өзгөчө басым жасалат. Окумуштуу Л.Теньердин синтаксистик структурада ээ менен толуктоочту *актанттар деп*, калган мүчөлөрдү *сирконстанттар* деген ойлорун кийинчерээк окумуштуу В. В. Бурлакова этиш семантикалык мазмунуна жана валенттүүлүк мүмкүнчүлүгүнө карай синтаксистик структурада компоненттерин аныктайт деп эсептеген. Биз жогоруда белгилеген лингвисттердин теориясын колдойбуз жана изилдөө ишибизде ошол идеяга таянабыз. Этиш кыргыз тилинде валенттүүлүгүнө карай *препозицияны көздөй* жайылса, англис тилинде алды жакты, *постпозициядагы* сүйлөм мүчөлөрүнө карай жылат. Мисалы, *He goes to school every day* – Ал барат мектепке күнүгө. Ал эми кыргыз тилинде этиш толуктоочтук же орун бышыктоочтук айкашууну постпозицияда эмес препозицияда талап кылгандыгы байкалат. Мисалы, *Ал мектепке күнүгө барат.*

→→→ ←←←

англис. subj.+(pred)(V)+ object +adv.m. кырг. ээ + тол.+быш. + баянд (Э);

Мындай өзгөчөлүк *“синтаксистик барьер”* эрежесин уюштурат;

Демек, тил илиминде валенттүүлүк деңгээлин аныктоодо семантикалык жана синтаксистик деңгээлдерге өзгөчө басым жасалат. Азыркы күндө валенттүүлүк касиети бир гана этишке эмес, башка сөз түркүмдөрүнө да тиешелүү бирок, этиш сөз түркүмү алардын арасынан валенттүүлүк потенциалы боюнча күчтүү болуп эсептелет.

Этиштик сөз айкаштарындагы пресуппозиция кубулушу. Азыркы лингвистикада тилдик бирдиктердин семантикалык мүнөзүн анализдөө бул пресуппозиция түшүнүгүн изилдеп үйрөнүүгө алып келет. *Пресуппозиция* термини тил илимине англис тилинин - *presupposition (N)* - *алдын ала билүүнү (божомолду)* билдирген зат атооч сөзүнөн алынган [Мюллер, 1982:581]. Пресуппозиция теориясы логикалык валенттүүлүктүн таасири астында ишке ашат. Мисалы, англис тилинде: *George said: “Let’s go up the river”* (*“Жүр, дарыяга барабыз”)*[Жером, 2003:22]. Эгерде дарыя болбосо жана ал дарыяга барууга адам болбосо бул учурда пресуппозиция кубулушу пайда болмок эмес. Кыргыз тилинде да англис тили сыяктуу сүйлөмдө пресуппозициялык кызматты аткарган мүчөлөр кездешет. *Атты мин!* Бул мисалда ат (объект) жана аны мине турган *субъект* кыймыл-аракеттин жаралуусу үчүн салым кошот жана этиштик сөз айкаштарын жасоодо да бул кубулуштун таасири бар. Англис жана кыргыз тилинин экөөндө тең сөздүн семантикалык мазмунун аныктоо үчүн анын компоненттерине гана таянуу жетиштүү деген жыйынтыкка келүүгө болбойт. Демек, эки тилде бирдей эле *объект* жана *субъект* кыймыл-аракеттин жаралуусу үчүн пресуппозициялык кызматты аткарат жана этиштик сөз айкаштарын уюштурууда ролу чоң.

Багыныңкы топторду уюштурган сөздөрдүн морфологиялык классынын комбинаторикасы айкашуунун эки тиби менен берилет: 1) ар түрдүү сөз түркүмдөрүнө тиешелүү сөздөрдүн комбинациясы; 2) бир морфологиялык класстагы сөздөрдүн биригиши же болбосо *автокомбинаторика.* Этиштердин автокомбинаторика кубулушу англис тилинде *V+V (этиш+этиш)* аркылуу ишке ашат. Мисалы, *to go to help* – жардам бергени баруу, *to hurry to go* – кетүүгө шашуу, кыргыз тилинде бул лингвистикалык кубулуш *этиштик уңгулуу татаал этиштер* аркылуу берилет. Мисалы, *келип кет, чуркап жет, качып кет* ж.б.

Эки тилде тең этиш менен тактооч көбүрөөк айкашат. *Verb+Adverb: to go slowly,* (акырын баруу), *to ride purposefully* (атайылап айдоо), *to fly suddenly* (күтүүсүздөн учуу*).* Ал эми *V+N (этиш+зат атооч)* морфологиялык курамындагы топто, башка структуралар сыяктуу эле 2 типтеги мамиле байкалат: эгерде этиш толук маанилүү сөздөрдүн тобуна кирсе, анда ал курамда *толуктоочтук мамиле* пайда болот. Мисалы, *to ride a horse* (атты

минүү). Сөз айкаштары жалпысынан бышыктоочтук катышты да билдирип, мезгилдик, орундук, сыпаттык, сан-өлчөм, себеп, максат маанилерин туюндурат. Мисалы, багыныңкы түгөйү мезгил тактоочтон: (*to run from morning till night* (керээли кечке чуркоо); орун, сын-сыпат тактоочтордон: *to run fast* (тез жүгүрүү), *to walk slowly* (жай жүрүү) ж.б. Демек, салыштырылып жаткан тилде тең эле тактоочтордун комбинаторикалык мүнөзү активдүү, өзгөчө этиштик сөз айкаштарын жасоодо бул көрүнүш ачык байкалат. Алар көбүнчө сыпаттама жана экпрессивдик мааниге ээ. Сөздөрдүн айкашуусунун принциптерине грамматикалык уюшулган топтордо анализ жүргүзүү үчүн алгач алардын сыпаттама маанисине көңүл буруу зарыл.

3.2. Этиштик сөз айкаштарындагы ылдамдыкты билдирүүчү этиштердин багыныңкы структурадагы айкашуу касиеттери

Этиш белгилүү болгондой эле, эки типтеги багыныңкы элементтерди *толуктооч* жана *бышыктоочторду* багындыруучу компонент катары кызмат аткарат. Бирок, азыркы лингвистикада *валенттүүлүк теориясы* бул боюнча башкача көз карашты берет. Ушул теорияга таянуу менен этиштик структуранын борборунда этиш сөзүнө толуктооч, бышыктооч гана көз каранды болбостон ээ да багыныңкы элементтердин катарын толуктай алат. Компоненттеринин санына карай ылдамдыкты билдирген этиштер бир нече топторго бөлүнөт. ***Нөл компоненттүү этиштик сөз айкаштары*** - мындай этиштер эч бир компонентти талап кылбайт. Азыркы англис тилинде этиштин инфинитив формасы өзүнчө компоненти жок кепте колдонулгандыгын далилдедик. Ошол эле учурда эки тилде тең өзүнчө нөлдүк формада колдонулган, буйрук ыңгай формасында берилген этиштер кеп агымында, контекстте инфинитив формалары эч бир элементсиз эле өз алдынча буйрук сүйлөмдөр катары келет. Бирок мындай учурда эч кандай синтаксистик айкашуу кубулушун байкоого болбойт. Мисалы, *Stop! – Токто!, Run!–Чурка! ж.б.* Мисалы, англис тилинде:1) **бир *компоненттүү этиштик сөз айкаштары-:*** *We ran (Биз качтык)* [Жером, 2003:10]; 2) **эки *компоненттүү этиштик сөз айкаштары-:*** *Carrie walked alone (Кери жалгыз басты)* [Драйзер,1968:94]; *3*) **үч *компоненттүү этиштик сөз айкаштары-:*** *I went home alone (Мен үйгө жалгыз бардым)*; 4) **төрт *компоненттүү этиштик сөз айкаштары -:*** *We went home together by bus (Биз үйгө машинада чогуу бардык); 5)* **беш *компоненттүү этиштик сөз айкаштары-:*** *We immediately went to the village together yesterday (Биз кечээ дароо чогуу айылга кеттик);* **Көп *компоненттүү этиштик сөз айкаштары -:*** *Martin went back to his Pearl-Diving by his car (Мартин өзүнүн Пөл-Дайвингине кайтып кетти)* [Лондон, 1980:89].

Кыргыз тилинде:***1)*** **бир *компоненттүү этиштик сөз айкаштары*** -: 1) *Ал жөнөдү. Биз чуркадык;* 2**) эки *компоненттүү этиштик сөз айкаштары*** менен*: Чотон тышка жөнөдү* [Касымбеков, 1990:76]. *Момун*

эшикке чыкты [Касымбеков, 1990:233]. *3)* **үч *компоненттүү этиштик сөз айкаштары*:** *Шарапат унчукпай тамга кетти* [Касымбеков, 1990:251]. *Мен үйгө тез жөнөдүм*; *4)* **төрт *компоненттүү этиштик сөз айкаштары*:** *Мен көп кечикпей окууга жөнөдүм* [Айтматов, 2008:109]; *5)* **беш *компоненттүү этиштик сөз айкаштары*:** *Ал айылга достору менен шашып жөө жөнөдү*. Кыргыз тилинде да англис тили сыяктуу *бир компоненттүү этиштик сөз айкаштары* өтө аз санда, *эки, үч компоненттүү этиштик сөз айкаштары* көбүрөөк жана *төрт, беш компоненттүү этиштик сөз айкаштары* көп санда кездешерин, ал эми андан да *көп компоненттүү этиштик сөз айкаштары* аз санда колдонулгандыгы далилденди.

3.3.“Англис жана кыргыз тилдериндеги этиштик сөз айкаштарына семантикалык-синтаксистик анализ: изилдөөнүн натыйжалары”

3.3.1. Нөлдүк айкашуу. V (этиш) модели. Англис тилиндеги этиштерде нөл валенттүүлүк жок, бирок кээ бир аба ырайындагы өзгөрүүлөрдү туюндурган этиштер жана инфинитивдик формадагы этиштердин тобунда гана нөлдүк айкашуу англис тилинде байкалат. Мисалы, *It is raining* – Жамгыр жаап жатат. *Go! – Бар! Stop! – Токто!* Мындай тилдик кубулуш кыргыз тилинде буйрук ыңгай формасында келген этиштер менен сүйлөмдөрдүн тутумунда эмес, кеп агымында, контекстте вокативдик, генетивдик же буйрук сүйлөмдөр катары өз алдынча колдонулат. Мисалы, *Чурка! Жүгүр!*

3.3.2. Этиштик сөз айкаштарындагы объектилик айкашуу

Объектилик катыштагы сөз айкаштары салыштырылып жаткан эки тилде тең багыныңкы объекттик байланыштагы эки же үч элементтен турган негизги жана багыныңкы компоненттерден турат. Англис тилинде объекттик мамилени уюштурууда төмөнкү конкреттүү ыкмалар кызмат кылат*: 1) башкаруу, 2) ыкташуу, 3) этиштин валенттүүлүгү, 4) багыныңкы сөздүн ядрого карай түрдүү позицияда – препозиция же постпозицияда* болушу. Ал эми кыргыз тилинде этиштик сөз айкаштарын айкашуунун *башкаруу, ыкташуу, кыйышуу синтаксистик* жолдору уюштурат. Жогорку бапта белгиленген этиштердин валенттүүлүк касиеттери: *семантикалык, логикалык, синтаксистик жана субъекттик валенттүүлүк* (ээ)*, объекттик валенттүүлүк* (1,2 же 3төн ашык объекттер)*, предикативдик валенттүүлүк* – этиштин автокомбинаторика кубулушу, татаал баяндоочту жасоо мүмкүнчүлүгү этиштик сөз айкаштарын жасоодо кызмат аткарат. Англис тилиндеги объекттик сөз айкашы негизги компонент – *өтмө* этиштин валенттүүлүгүнө карай эки же үч элементтен турат. Эгерде этиш бир валенттүү болсо, анда объекттик сөз айкашы эки элементтүү болот. Мисалы, *to get a letter* – кат алуу. Ал эми эки валенттүү этиш үч элементтүү объекттик сөз айкашын жасайт. Мисалы, *Carrie sent him a letter* же *Carrie sent a letter to him* – Кери ага кат жиберди. Эгерде биз адресат – *him (ага)* же *to him* деген

компонентти алып салсак, анда ойдун маанилик максаты жоготууга учурайт. Жогорку айтылган талдоолорго таянуу менен англис тилинде *объекттик сөз айкашын* багыныңкы байланыш аркылуу уюшулган объекттик синтаксисттик байланышына, башкаруу же ыкташуу жолдоруна, этиштин валенттүүлүгүнө, багыныңкы компоненттин негизги ядрого карай жайгашкан ордуна карай уюшулган эки же үч элементтен турган сөз айкаштары деп аныктама беребиз. Объекттик айкашуунун бардык типтеринде салыштырылып жаткан эки тилде тең *өтмө этиш* кызмат кылат. Англис тилинде *V+N (этиш+зат атооч)* структурасы кыргыз тилинде *N+V (зат атооч+этиш)* модели менен берилет. Биз талдоого алган ылдамдыкты билдирген этиштердин көпчүлүгү жогорку моделдерге ээ. Англис тилинде *V+N (этиш+зат атооч)*модели активдүү ролду аткарат. Мисалы, *to go home* – үйгө кетүү, *to move the furniture* – эмеректи жылдыруу, *to ride a horse* – ат минүү. Өтмө этиштин валенттүүлүгүнө карай бир валенттүү этиш болсо, *жөнөкөй* жана эки же андан көп болсо *татаал объекттик сөз айкашы* деп бөлүп карайбыз.

Жөнөкөй объектилик катыштагы этиштик сөз айкашы

Жөнөкөй объектилик катыштагы сөз айкашы этиштик сөз айкашындагы этишке багыныңкы кызмат көрсөткөн компоненттеринин морфологиялык табиятына жана жайгашуу ордуларына карай бир нече моделдер аркылуу анализденет.

I. V+Pr(Э+Ат.ат) модели башкаруу жолу аркылуу

Англис тилинде	**Кыргыз тилинде**
V+Pr(Э+A.ат)* модели *тике объекттик башкаруу менен: *to ask her* –андан суроо, *to answer him* – ага жооп берүү, *to persuade them* – аларды ишендирүү ж.б. –***башкаруу***	***A.ат+Э(Pr+V).*** *ага айтуу – to tell her,* ага берүү – to give her. – ***башкаруу***

II. *V+ $N_{с.с}$ (Э+$З_{ж.ж}$)* модели ыкташуу жолу менен

1)Объекттик валенттүүлүк айкашуу – to run a shop – магазинди башкаруу, *to– ride a bike* –велосипед тебүү. *Предикативдүү валенттүүлүк айкашуу* *1)**V+V_{inf} (Э+$Э_{инф}$)** – to try to understand* – түшүнүүгө аракет кылуу, *to try to run* – качууга аракет кылуу, *to run to help*– жардамдашууга чуркоо, *to fly to catch* – кармоого учуу ж.б. *2)**V+V_{ger} (Э+$Э_{гер}$)** – to stop running* – чуркоону токтотуу, to start writing– жазууну баштоо, *to begin flying*– учууну баштоо, *to quit crying* – ыйлоону токтотуу ж.б.	***1) $З_{т.ж}$+ Э.*** *телевизор көрүү* – to watch a TV, *газета окуу* – to read a newspaper – ***башкаруу.*** *Предикативдүү валенттүүлүк айкашуу* 1) ***К.ат$_{(т.ж)}$+Э***. *иштөөнү баштоо, сүйлөгөндү улантуу, окууга аракет кылуу.* 2) ***К.ат$_{(ч.ж)}$+Э***. *учурашуудан уялуу, алып келүүдөн коркуу* – ***башкаруу***.

III. Объекттик- предлогдук айкашуу башкаруу жолу менен

V+pr+Pr (Э+ предл+А.а). *to run from him* – андан качуу, *to look at him* – аны кароо, *to wait for him* – аны күтүү ж.б. – ***башкаруу.***	***А.а+Э****. аны издөө, аларды тиктеп туруу* ж.б.– ***башкаруу.***

IV. Объекттик- предлогдук айкашуу ыкташуу жолу менен

1) зат атоочтук; 2) ат атоочтук; 3) герундийлик. **1) Зат атоочтук объекттик-предлогдук айкашуу *V+pr+N (Э+предл+З).*** to *walk along the street*– көчөдө басуу, *to fly to Moscow* – Москвага учуу, *to speed up a train*–поезди ылдамдатуу ж.б. **2) Ат атоочтук объекттик-предлогдук айкашуу *V + pr+Pr (Э+предл+А.а)*:** *to fly with this* – аны менен учуу, *to run with that*– аны менен качуу, *to thank for this* – бул нерсеге ракмат айтуу, *to agree with this* – муну менен макул болуу, *to look at that* – тигил нерсени кароо ж.б. ***3) Герундийлик*** **объекттик-предлогдук айкашуу *V +pr+V_{ger} (Э+ предл+$Э_{гер.}$)*:** *to prevent from speeding up* – ылдамдатуунун алдын алуу, *to save from dying* – өлүмдөн сактоо ж.б.	1) ***$З_{б.т.ж.ж}$ + жанд + Э.*** *to run to the cinema* – киного баруу, *шаарга баруу* – to go to the city – ***башкаруу*** 2) ***А.ат.$_{шилт}$ + жанд+Э.*** *ошого ыраазычылык билдирүү, ошону менен макул болуу* – ***башкаруу.*** 3) ***К.ат+жанд+Э.*** *качууну алдын алуу, өлүмдүн алдын алуу* – ***башкаруу.***

Татаал объектилик катыштагы этиштик сөз айкаштары

V. Ыкташуу жолу менен жана кош объектилик валенттүүлүккө ээ болгон татаал объекттик сөз айкашы

1)V+$N_{1d.o}$ +$N_{2d.o}$(Э+$З_{1т.т}$+$З_2$). *to choose a flower a present* – гүлдү белекке тандоо, <u>*to elect*</u> *Marry a manager of the company* – Мерини компаниянын менеджери кылып тандоо. ***2)V+$N_{1ind.o}$+$N_{2d.o}$ (Э+З $_{1\ к.т}$+З $_{2\ т.т}$).*** <u>*to write*</u> *Carrie a letter* – Кериге кат жазуу, <u>*to send*</u> *Carrie a message* – Керриге маалымат жиберүү ж.б.	***1. $З_1$+$З_2$+Э.*** *Асанды башкарма кылып шайлоо – to elect Asan as* a manager, *сүрөттү белекке тандоо,* to choose a picture as a present– ***башкаруу.*** ***2. $З_{т.т}$+$З_{к.т}$+Э****. доско акчаны жиберүү –to send a friend some money – доско акча салуу, to tell a friend the news – доско жаңылыктарды айтып берүү* - ***башкаруу****.*
3) ***V+$N_{1d.o}$+pr+$N_{2ind.o}$ (Э+$З_{1т.т}$+пред.+ $З_{2к.т}$)***: <u>*to ask*</u> *the teacher for help* – мугалимден жардам суроо, <u>*to send*</u> *a message to a friend* – доско маалымат жиберүү	***3. $З_{т.т}$+$З_{к.т}$+Э.*** *Студенттке тапшырма берүү* – to give a task to a student, *публикага презентация кылуу* – to present a topic to the public – ***башкаруу***

VI. Этиштин объекттик жана предикативдик валенттүүлүгү менен башкаруу жолу аркылуу айкашкан татаал объекттик айкашуу

V+Pron$_{obj}$+V$_{inf}$ (Э+Ат.атооч+Э$_{инф}$). *I want him to return* – Мен анын кайрылып келишин каалайм. *They implored us to stay*– Алар биздин калып калуубузду өтүнүштү.	***А.ат+К.ат+Э. башкаруу*** жолу аркылуу айкашат. *Мен анын жооп беришин кааладым* – I wanted him to answer.

VII. Этиштин объекттик жана предикативдик валенттүүлүгү менен ыкташуу жолу аркылуу айкашкан татаал объекттик айкашуу

***V+N$_{1d.o}$+V$_{inf}$ (Э+З$_{к.т.}$+Э$_{инф}$)*:** *to hear the wife sing* – аялдын ырдаганын угуу, *to see the boy run* – баланын чуркаганын көрүү ж.б. – **ыкташуу**	***З$_{и.ж.}$+К.ат+Э.*** *музыканттын ойногонун угуу* – to listen the musician play, *бөбөктүн бийлегенин көрүү* – to watch the baby dance – ***башкаруу***

3.3.3. Этиштик сөз айкаштарындагы адвербиалдык айкашуу

Салыштырылып жаткан тилдерде бирдей эле этиштик сөз айкаштары **адвербиалдык** *айкашуусу* менен да мүнөздөлөт. Этиштик сөз айкаштарынын мындай айкашуусунун компоненти негизги-ядро катары түрдүү топтогу семантикалык этиштердин тобунан болот да, багыныңкы элементи *орундук, мейкиндик, себептик, сан-өлчөм, максат* жана *кээде сын-сыпат* маанилерди туюндурган сөздөрдөн болот.

Англис тилинде	**Кыргыз тилинде**
Орундук маани Verb+N$_{place}$ (Э+З$_{орунд.}$) *to go home* – үйгө баруу, *to run from school* – мектептен качуу, *to come from the mountain* – тоодон келүү – **ыкташуу.**	**N$_{place}$+Verb (З$_{орунд}$+Э)** *эшиктен келүү, үйдөн кетирүү, жайлоодон түшүү, ордунан туруу, ашканадан ичүү, ашуудан ашуу, сууну кечүү* – **башкаруу.**
Мезгилдик маани Verb+N$_{time}$ (Э+З$_{мезг.}$) *to come at 3 a.m.* – эртен мененки саат үчтө келүү, *to fly at 5 p.m.* – кечки саат 5те учуу, *to get up at 6 o'clock in the morning* – эртең мененки саат 6да туруу **– ыкташуу.** **Мезгилдик маани Verb+Adv. (Э+Такт.$_{мезг.}$)** *to wake up early – эрте ойгонуу, to come late* – кеч келүү**– ыкташуу.**	**N$_{time}$+Verb (З$_{мезг.ж.ж}$+Э)** *чак түштө келүү, убагында кетүү, күүгүмдө жөнөө, жазда иштөө* ж.б. – **башкаруу.** **(Такт.$_{мезг.ч.г}$+Э)** *эртеңден келүү, бүгүндөн кирүү, саартан туруу* – **башкаруу.**

Сан-өлчөм маани Verb+N/Num (Э+ З/Сан ат) 1) **Салмакты билдирген:** *to get two kilograms* – эки килограммдан алуу, *to gather three tons* – эки тоннадан топтоо. 2) **Мезгилдик өлчөмдү билдирген**: *to work five hours* – беш саат иштөө, *to walk two days* – эки күн басуу 3) **Сан жагынан болгон өлчөмдү билдирет:** *to consist of five members – беш мүчөдөн туруу, to drink two cups – эки чыны ичүү.* 4) **Мейкиндиктеги өлчөмдү билдирет:** *to run two kilometers – эки километр чуркоо, to plough five hectors*– беш гектарды айдоо. 5) **Баа, нарк аркылуу өлчөмдү туюндурган сөз айкаштары:** *to buy for twenty dollars – жыйырма долларга сатуу, to give ten rouble*s – он рубль берүү, *to sell for fifty soms* – элүү сомдон алуу – ***ыкташуу***.	**N/Num+Verb (З/Сан.ат.$_{ч.ж}$ +Э)** *эки килодон алуу, жүз сомдон алуу, беш кишиден туруу, беш километрден жүгүрүү* ж.б.– **башкаруу.**
Сын-сыпат мааниси Verb+N (Э+З) *to live happily* – жыргалчылыкта жашоо, *to live independently – эркиндикте жашоо, to live hardly* – кыйынчылыкта жашоо – ***ыкташуу***.	**N+Verb (З$_{ж.ж}$+Э)** *эркиндикте жашоо, кубанычта сүйлөө* – **башкаруу.**
Себептик мааниси Verb+N (Э+З) *to suffer from poverty* – жокчулуктан жапа чегүү, *to die from hunger* – ачкачылыктан өлүү – ***ыкташуу***.	**N+Verb (З$_{ч.ж}$+Э)** *жокчулуктан согушуу, тартипсиздиктен кетүү* – **башкаруу.**

3.4. **Ылдамдыкты билдирген этиштердин объекттик жана адвербиалдык этиштик айкашуусуна анализ.**

Эки тилдеги бул тилдик кубулушту талаача структурасынын көз карашы менен анализдедик. Анализге алынган этиштердин тобунун мисалында эки тилде тең *адвербиалдык* айкашуу *объектилик* айкашууга караганда басымдуулук кылат. Этиштин лексикалык-семантикалык валенттүүлүгү синтаксистик структурада ишке ашат. Изилдөөлөр

көрсөткөндөй этиштин синтаксистик структурасы анын лексикалык-семантикалык валенттүүлүгүнө жана кайсы топтон экендигине көз каранды жана синтаксистик ядродо *V+N/Num/Adverb – адвербиалдык айкашуу – эң активдүү,* ал эми периферияда *V+N/Pr – объекттик айкашуу – орто активдүү*, акыркы айлампада *O/O – нөлдүк – пассивдүү* айкашуулар орун алгандыгы менен мүнөздөлөт.

3.5. **Ылдамдыкты билдирген этиштердин семантикалык жана синтаксистик валенттүүлүк маселеси.** Англис жана кыргыз тилдериндеги этиштердин семантикалык жана синтаксистик потенциалы этиштин валенттүүлүгүн изилдөөдө чоң ролду ойнойт. Биз анализге алган этиштердин дээрлик бардыгы тең актант-субъект жана актант-объектке ээ. Ошондой эле, жогорудагы ЛСТ биринчиден, кыймыл-аракетти жана экинчиден, эки тилде тең ылдамдыкты билдирип тургандыктан, бул топто *актант-субъект, актант-объектилерге* караганда сирконстант-атрибут эң күчтүү семантикалык валенттүүлүктү көрсөтөт. Изилдөөбүздүн жыйынтыгында салыштырылып жаткан тилдерде ылдамдыкты билдирген кыймыл этиштердин эки тилде колдонулуу жыштыгы бирдей экендиги бизге айкын болду.

Үчүнчү баптан алынган тыянактар. Англис жана кыргыз тилдериндеги ылдамдыкты билдирген этиштердин семантикалык-синтаксистик валенттүүлүк касиеттери, пресуппозиция, морфологиялык комбинаторикасы, автокомбинаторикасы каралды. Этиштин семантикалык валенттүүлүгү, анын сөз айкаштарында ишке ашары анализге алынды. Ошондой эле эки тилдеги объектилик жана адвербиалдык этиштик сөз айкаштарынын модели тектеш эмес тилдер катары компоненттеринин орду түрдүүчө болгондугу; кыргыз тилинде англис тилинен айырмаланып, этиштин өздүк эмес формаларында инфинитив жана герундийдин жоктугу, ал эми кыргыз тилинде алардын эквиваленти катары кыймыл атоочтор менен берилгендиги; кээ бир структураларда эки тил бирдей башкаруу айкаштарына ээ экендиги аныкталды; этиштик сөз айкаштарынын объектилик жана адвербиалдык айкашуусунда англис тилинде ыкташуу, ал эми кыргыз тилинде башкаруу синтаксистик айкашуу жолдору басымдуу экендиги далилденди.

4.1. Кыргыз тилдүү тайпаларда англис тилинин этиштик сөз айкаштарын окутуунун лингводидактикалык мааниси жана тилдик интерференция. Жогорку бапта кыргыз тилдүү тайпаларда англис тилинин этиштик сөз айкаштарын окутуунун лингводидактикалык мааниси жана аларды окутуунун натыйжалуу усулдары, сөз айкаштарындагы тилдик интерференция жана аны прогноздоонун жолдору жөнүндө маалыматтар берилди.

Чет тилдерин үйрөнүүдөгү актуалдуу маселелердин бири – сөз

айкаштары. Практикада кыргыз тилдүү тайпаларда англис тилинин сөз айкаштарын окутуунун лингводидактикалык жагы таасирдүү. Эгерде студент сөздөрдүн айкашуусун жакшы билбесе, анда англис тилинде ал угуу, окуу иштеринде, айрыкча, оозеки жана жазуу иштеринде андан да көбүрөөк кыйынчылыктарга дуушар болот. Ошондой эле, коллокациялардын бири-бири менен туура келишин билбөө, алардын синтаксистик структурасын жана семантикалык маанилерин түшүнбөө жана адаштыруу жөн гана тилди грамматикалык жактан ката сүйлөөгө гана эмес, сөздүн лексикалык маанисин жана маалыматты туура эмес түшүнүүгө алып келип, аны жеткирип берүүгө да терс таасирин тийгизет. Жыйынтыктап айтканда, англис тилин чет тили катары үйрөнүүчүлөр үчүн (ЧТ) сөз айкаштарын (коллокация), сөздүктөрдү аз санда билүү аларга сүйлөө, жазуу, угуу жана окуп түшүнүү жөндөмдүүлүктөрүн калыптандырууда чоң тилдик кыйынчылыктарды алып келет.

Этиштик сөз айкаштарды окутуунун натыйжалуу усулдары. Англис тилин чет тили катары үйрөнүүчүлөр үчүн (ЧТ) коллокация жазуу жана сүйлөө ишмердүүлүгүн өстүрүүгө жардам берет. Иштеги сунушталган окутуунун натыйжалуу усулдары окуучуларга жана студенттерге эксперимент жүргүзүлүп, апробацияланды. Заман талабына ылайык англис тилин ЧТ катары окутуу максатында коллокация ар бир окуу китептеринде кыска тексттер, диалогдор, таблица ж.б. аркылуу кеңири берилген. Анда тексттерди окуп түшүнүүдө, сөздөрдү үйрөнүүдө, жазуу жана сүйлөө бөлүктөрүндө да коллокация кеңири каралып келгендигин байкоого болот.

4.2. Сөз айкаштарындагы тилдик интерференция жана аны прогноздоонун жолдору. Тилдик интерференция маселесин изилдөө жана прогноздоо чет тилин (биздин практикабызда англис тилин) окутууда жана үйрөтүүдө абдан зарыл. Изилдөө ишибизде грамматикалык, семантикалык жана лексикалык интерференцияларга токтолдук.

Төртүнчү баптан алынган тыянактар. Ошентип**,** кеп ишмердүүлүгүнүн бардык түрлөрүн (окуу, жазуу, сүйлөө, угуу) калыптандырууда этиш же этиштик сөз айкаштары англис тилин үйрөнүүдө ролу күчтүү экендигин практикада айгинеледи. Студенттердин билиминин улам жогорку тилдик деңгээлине көтөрүлүшүнө карай этиштик сөз айкаштары боюнча темалардын көбүрөөк камтуу менен студенттерге грамматикалык, синтаксистик, структуралык жана семантикалык маанилерин үйрөтүү аркылуу англис тилин өздөштүрүү натыйжалуу экендиги далилденди.

ЖЫЙЫНТЫК

Диссертациялык изилдөөнүн **жыйынтыгында** негизги теориялык жана практикалык жыйынтыктар, ошондой эле, бул багыттагы мындан кийинки

изилдөөлөрдүн жолдорун жана перспективаларын бердик. Англис жана кыргыз тилдериндеги ылдамдыкты билдирген кыймыл этиштеринин көркөм чыгармалардын мисалында колдонулуш жыштыгына талдоо жана иликтөө жүргүзүлдү. Изилдөө иши төмөндөгүдөй жыйынтыктарды көрсөттү:

1) жалпы лингвистика, түркология, кыргыз тил илиминде этиштик сөз айкаштарынын маселелерине жана валенттүүлүк теориясына арналган илимий эмгектерде айтылган илимий-теориялык жоболорду талдоого алуу аркылуу проблеманын изилдениш абалы аныкталды;

2) англис жана кыргыз тилдериндеги этиштик сөз айкаштарына жана валенттүүлүккө тиешелүү проблемалар талданды;

3) тектеш эмес эки тилдеги ылдамдыкты билдирген кыймыл этиштердин семантикасын сыпаттоо жана анын валенттүүлүгүндөгү компоненттер аныкталды;

4) англис жана кыргыз тилдериндеги этиштик сөз айкаштарынын объектилик жана адвербиалдык айкашуу жолдоруна семантикалык-синтаксистик талдоо жүргүзүлдү;

5)эки тилдеги кыймыл этиштердин компоненттеринин “борбор-периферия” шкаласындагы жайгашкан ордун жана алардын окшоштуктары менен айырмачылыктары аныкталды.

Диссертациялык темага тиешелүү жарык көргөн эмгектердин тизмеси:

1. Тургунбаева, Б. Ж. Роль родного языка в обучении иностранному [Текст] / Б. Ж. Тургунбаева // Ош мамл. унив. жарчысы, 2009. – №6. – 260-263- бб.
2. Тургунбаева, Б. Ж. Кыргыз тилиндеги этиштик жөнөкөй сөз айкаштары [Текст] / Б. Ж. Тургунбаева // Кыргызстандагы эл аралык университетинин жарчысы, 2013. – №2/24. -181-184-бб.
3. Тургунбаева, Б. Ж. Кыргыз тилиндеги сөз айкашынын мүнөздүү белгилери [Текст]/ Б. Ж. Тургунбаева // Кыргызстандагы эл аралык университетинин жарчысы, 2013. – №1/23. -113-116-бб.
4. Тургунбаева, Б. Ж. Семантическая эквивалентность моделей глагольных словосочетаний в английском языке [Текст]/ Б. Ж. Тургунбаева // Ош мамл. унив. жарчысы, 2014. – №2. -52-55- бб. http://www.oshsu.kg
5. Тургунбаева, Б. Ж. Валентность и сочетаемость глаголов в кыргызском, русском и английском языках [Текст] / Б. Ж. Тургунбаева // Ош мамл. унив. жарчысы, 2014. – №3. -156-161- бб. http://www.oshsu.kg
6. Тургунбаева, Б. Ж.Особенности глагольных словосочетаний в кыргызском языке [Текст] / Б. Ж. Тургунбаева // Журнал Инновации в науке: Пути развития. Чувашский Гос. Унив. им. И. Я. Яковлева. Материалы IV Межд.

заочной научно-практической конференции. –Чебоксары, 11.06.2013. -261-264-бб.
7. Тургунбаева, Б. Ж. Сочетаемость и валентность глагола в глагольных словосочетаниях в кыргызском и английском языках [Текст] / Б. Ж. Тургунбаева // НАУКОВ І ЗАПИСКИ. Межд. Гум. Унив. Збирник. – Одесса, 2015. – Вып., 23. – С. 282-287.
8. Тургунбаева, Б. Ж. Сравнительный анализ сочетаемости глаголов в кыргызском и английском языках [Текст] / Б. Ж. Тургунбаева // Научный журнал о гуманитарных науках. Гуманитарный трактат. Международная научная конференция «Человекознание». – Кемерово, 23.07.2016. –С.25-31. http:gumtraktat.ru/wpcontent/ uploads/2016/07/chelovekoznanie.pdf
9. Тургунбаева, Б. Ж. Учения о словосочетании в кыргызском и английском языках [Текст] / Б. Ж. Тургунбаева // Ош мамл. унив. жарчысы. Атайын чыгарылыш, 2014. -127-132- бб. http://www.oshsu.kg
10. Тургунбаева, Б. Ж. Англис жана кыргыз тилдериндеги этиштик сөз айкаштарынын синтаксистик айкашуу жолдорундагы окшоштуктары жана айырмачылыктары [Текст] / Б. Ж. Тургунбаева // Ош мамл. унив. жарчысы, -№2, 2017. –183-187 – бб. http://www.oshsu.kg
11. Тургунбаева, Б. Ж. Этиштик сөз айкаштарынын англис тил илиминде изилдениши [Текст] / Б. Ж. Тургунбаева // Ош мам. унив.жарчысы. -№2. 2017. –187-192- бб. http://www.oshsu.kg
12. Тургунбаева, Б. Ж. Теоретические аспекты словосочетаний в кыргызском и английском языках [Текст] / Б. Ж. Тургунбаева // Научный журнал о гуманитарных науках. Гуманитарный Трактат. XX Международная научная конференция “Человекознание”. –Кемерово, 12.02.2018, http://gumtraktat/ru/wp-content/uploads/k20/pdf
13. Тургунбаева, Б. Ж. Англис жана кыргыз тилдериндеги этиштик сөз айкаштарындагы валенттүүлүк теориясы [Текст] / Б. Ж. Тургунбаева // Ош мам. унив. жарчысы. Атайын чыгарылыш (1), 2018. -321-324-бб. http://www.oshsu.kg
14. Тургунбаева, Б. Ж. Природа валентности глаголов, выражающих скорость в английском и кыргызском языках [Текст] / Б. Ж. Тургунбаева // Журнал Тенденции Развития Науки и Образования. – №49 (4). – Самара, 2019. – С. 88-91. https://elibrary. ru/contents.asp?id =39452189
15. Тургунбаева, Б.Ж. Комбинаторные качества валентности глаголов движения, выражающих скорость, в английском и кыргызском языках. [Текст] / Б.Ж.Тургунбаева // Международный Научный журнал. Образование в России и за рубежом. –№7. – Москва, 2019. Vol.55. – С. 6-9. https://www.gyrnal.ru/arhiv zhurnalov/ru/

Тургунбаева Бактыгуль Жээнмырзаевнанын 10. 02. 20 – тектештирме-тарыхый, типологиялык жана салыштырма тил илими адистиги боюнча филология илимдеринин кандидаты илимий даражасын изденип алуу үчүн жазылган “Англис жана кыргыз тилдериндеги этиштик сөз айкаштары” (кыймыл этиштеринин мисалында) аттуу темадагы диссертациялык эмгегинин

РЕЗЮМЕСИ

Негизги сөздөр: *валенттүүлүк, автокомбинаторика, сирконстант-атрибутив, сирконстант-локатив, сирконстант-инструмент, коллокация, пресуппозиция, актант-субъект, актант-объект.*

Иштин объектиси – англис, кыргыз тилдериндеги этиштик сөз айкаштары.

Изилдөөнүн предмети – англис, кыргыз тилдердеги ылдамдыкты билдирген кыймыл этиштеринин валенттүүлүк потенциалы.

Изилдөөнүн максаты болуп англис жана кыргыз тилдериндеги этиштик сөз айкаштарындагы валенттүүлүк кубулушун ылдамдыкты билдирген кыймыл этиштердин мисалында ар тараптан салыштырып изилдөө саналат.

Изилдөө методдору катары сыпаттама, топтоо, системалаштыруу, структуралык анализ, синтез, моделдештирүү ж.б. методдор пайдаланылды.

Изилдөөнүн негизги натыйжалары:

1) англис жана кыргыз тилдеринде этиштик сөз айкашы активдүү валенттүү жана этиш семантикалык валенттүүлүгүнө карай англис тилинде көбүнчө ыкташуу, ал эми кыргыз тилинде башкаруу синтаксистик жолдору менен айкашууга ээ экендиги;

2) этиштик сөз айкашында англис тилинде этиштин айкашуусу алдыга көздөй, кыргыз тилинде болсо акыркы позицияда туруу менен артка карай айкашууну уюштургандыгы;

3) эки тилде тең этиштин нөлдүк айкашуусу жок, бирок англис тилинде аба ырайынын кыймылын билдирген этиштер менен синтаксистик айкашуусуз эле сүйлөмдөрдө кездешкендиги;

4) этиштик сөз айкаштарын уюштурууда, кыргыз тилинде жөндөмө категориясы, жандоочтор, ал эми англис тилинде предлогдор басымдуулук кылгандыгы;

5) кыргыз тилдүү аудиторияларда англис тилин чет тили катары окутууда этиштик сөз айкаштарынын лингводидактикалык мааниси чоң экендиги жана аларды окутуунун алгылыктуу жолдорун сунуштаганында болуп эсептелет.

Колдонулуу чөйрөсү: Изилдөөдөгү негизги табылгаларды, изилдөө ишинин жыйынтыктарын жогорку окуу жайларындагы филологиялык предметтерди окутууда материал катары колдонууга болот жана жогорку, орто окуу жайларында, орто мектептерде англис тилин окутууда, окуу китептерин түзүүдө жана которуу иштеринде пайдаланууга болот.

РЕЗЮМЕ

диссертации Тургунбаевой Бактыгуль Жээнмырзаевны на тему: “Глагольные словосочетания в английском и кыргызском языках” (на материале глаголов движения) на соискание ученой степени кандидата филологических наук по специальности 10.02.20. - сравнительно-историческое, типологическое и сопоставительное языкознание.

Ключевые слова: *валентность, автокомбинаторика, сирконстант-атрибутив, сирконстант-локатив, сирконстант-инструмент, коллокация, пресуппозиция, актант- субъект, актант-объект.*

Объект исследования: глагольные словосочетания в английском и кыргызском языках.

Предмет исследования: валентная потенциальность в глагольных словосочетаниях в английском и кыргызском языках, выражающих скорость действия (движения).

Цель исследования: целью исследования является разностороннее сопоставление валентной потенциальности глаголов движенияна материале английского и кыргызского языков.

Методы исследования: В работе использованы как эмпирическое (сбор, классификация, систематизация, интерпретация материала, наблюдение, перевод, эксперимент), так и теоретические (сопоставление, сравнение, описание, аналогия, моделирование, статистический метод, индукция, дедукция, анализ, синтез, обобщение и т.д.) методы.

Полученные результаты и новизна исследования:

1) в английском и кыргызском языках глагольные словосочетания активно валентны и глагол по семантической валентности в английском языке сочетается по способу примыкания, а в кыргызском языке – синтаксическим способом управления;

2) в глагольном словосочетании английского языка сочетаемость глагола организуется в препозиции, в кыргызском языке глагол находится на последней позиции и сочетания организуются в постпозиции;

3) в обоих языках нет нулевого сочетания, но в английском языке встречаются предложения с глаголами, иллюстрирующими движения природных явлений, без синтаксических сочетаний;

4) при образовании глагольных словосочетаний в кыргызском языке преобладают категория падежа, послелоги, в английском языке преобладают предлоги;

5) предложены приемлемые способы изучения глагольных словосочетаний, имеющих большое лингводидактическое значение, при обучении кыргызскоязычной аудитории английскому языку как иностранномуязыку

Область применения: Материалы, использованные в данной научной работе, и результаты исследования вносят большой вклад в обучение английскому языку, в составлении учебников и переводческих работ.

SUMMARY

Of Turgunbaeva Baktygul Jeenmurzaevna's dissertation on the topic: "Verb word-combinations in the English and Kyrgyz languages (on the example of verbs of movement)", to receive a scientific degree of a candidate of philological sciences in the specialty10.02.20 – comparative-typological and contrastive linguistics.

Key words: *valency, autocombination, adjunct-attributive, adjunct-locative, adjunct-instrument, collocation, presupposition, adjunct-subject, adjunct- object.*

The object of the research is verb word-combinations in the English and Kyrgyz languages.

The subject of the research – the valence potential of verbs of movement expressing speed in the English and Kyrgyz languages.

Purpose of the research is to learn the process of valency of verb word-combinations through the examples of verbs of movements expressing speed in the English and Kyrgyz languages.

Research methods. We used both empirical (collection, classification, systematization, interpretation of materials, observation, translation, experiment), and theoretical (comparison, contrasting, description, analogy, modeling, statistical method, induction, deduction, analysis, synthesis, generalization, etc.) methods.

Key findings and the novelty of the research: 1) verb collocations has an active valency and according to semantic valency of verbs, *adjoining* in English and *government* in Kyrgyz dominate in syntactic way of verb word-combinations; 2) in English combination of verbs moves directly and in Kyrgyz spreads back from its position; 3) there is no zero valency in both compared languages, but it exists in English with the verbs of weather changes without syntactic combination; 4) case categories, prepositions in Kyrgyz and in English prepositions dominate in the combination of verb collocations; 5) lingua-didactic role of verb collocations is great in teaching English with Kyrgyz language audience and suggests effective ways of teaching verb collocations.

The novelty of the results of the thesis is that in referred work the first time in comparative linguistics the valency potential of verbs of movements expressing speed are learned and the place of adjuncts of their valency in the non-kindred languages are determined in the "centre-periphery" by showing some similarities and differences.

Scope of application. Conclusion and results obtained during the study can be used in lecture courses and seminars on comparative typology, linguistics and in teaching English as a foreign language. Also, the materials of the work can be used as theoretical material in the preparation of textbooks, teaching aids, texts of lecture courses in the above mentioned subjects and translation.

Өлчөмү 60x84 1/16. Көлөмү 1,5 б.т.
Офсет кагаз. Офсеттик басуу. Нускасы 100.

«Сарыбаев Т.Т.» Ж.И.
Бишкек ш., Раззаков көч, 49
т. 0 708 058 368
e-mail: talant550@gmail.com